**УДК 070**

**МАМЫШЕВА Ж.А., ЖАПАРКУЛОВА. А.Ж., КАБАТАЕВА. Г.Э.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**MAMYSHEVA J.A., JAPARKULOVA A.J., KABATAEVA G.E.**
*J.Balasagyn KNU*

# ЖУРНАЛИСТТИК КООПСУЗДУК ЖАНА КЕСИПТИК ЭТИКА МАСЕЛЕЛЕРИН ЧАГЫЛДЫРУУДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮК

## Деятельность журналиста по освещению вопросов журналистской безопасности и профессиональной этики

## Activities related to journalistic safety and professional ethics

***Аннотация:*** *Бул макаладагы ММК жөнүндө мыйзамдарда журналисттердин коопсуз кесиптик ишмердиги үчүн кепилдиктер камтылган. Мында журналист өзүнүн кесиптик ишин аткарууда кол тийбестик гарантияларын да пайдалана алаары көрсөтүлгөн. Анткени этикалык эрежелерди сактоодо журналисттин негизги милдети бул ишенимдүүлүк жана чынчылдык менен маалыматты коомчулукка баяндапберүү болуп эсептелинет.*

***Аннотация:*** *Законы о СМИ, изложенные в этой статье, обеспечивают гарантии безопасной профессиональной деятельности журналистов. Также указано, что журналист может пользоваться гарантиями неприкосновенности при исполнении своих профессиональных обязанностей. Ведь основная задача журналиста в соблюдении этических норм - достоверно и честно довести информацию до общественности.*

***Abstract:*** *The media laws in this article provide guarantees for the safe professional activities of journalists. It is also stated that a journalist can use the guarantees of immunity in the performance of his professional duties. Because the main task of a journalist in observing the rules of ethics is to present the information to the public with reliability and honesty.*

***Урунттуу сөздөр:*** *ММК мыйзамдары, этикалык эрежелер, укуктар, мониторинг, аккредиттөө, факт, видеокөзөмөл, плагиат, цитата.*

***Ключевые слова:*** *законы о СМИ, этические правила, права, мониторинг, аккредитация, факты, видеонаблюдение, плагиат, цитаты.*

***Keywords:*** *media laws, ethical rules, rights, monitoring, accreditation, facts, video surveillance, plagiarism, quotations.*

“Массалык маалымат эркиндигин кысуу, башкача айтканда жарандар, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер тарабынан уюштуруучулардын, редакциялардын басма кызматчыларынын жана ММК продукцияларынын таратуучуларынын, ошондой эле журналисттердин мыйзамдуу ишине тоскоолдук кылуу, бул юридикалык жоопкерчиликке алып келет. Ал эми журналисттин мыйзамда берилген укуктарын бузуу, анын кадыр баркын кетирүү, коркутуу, зордук-зомбулук же өмүрүнө кол салуу, ал кесиптик ишин аткаргандыгына

байланыштуу ден соолугуна жана мүлкүнө зыян келтирүү үчүн улуттук мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке алып келет.
Ошондой эле ММК жөнүндө мыйзамдарда журналисттердин коопсуз кесиптик ишмердиги үчүн кепилдиктер да камтылган. Мында журналист өзүнүн кесиптик ишин аткарууда кол тийбестик гарантияларын да пайдаланат. Массалык маалымат эркиндигин бузууда, массалык маалымат эркиндигинен кыянат пайдалануу үчүн жазыктык, административдик, тартиптик жоопкерчилик белгиленген. Бул мыйзамда сын материалдарды жарыялагандыгы үчүн журналисттерди куугунтуктоого жол берилбейт деп көрсөтүлгөнү менен эгемендүүлүктү алган күндөн бери бир топ журналисттер куугунтуктоолорго кабылып, качкын статусун алышып, башка өлкөлөргө чыгып кеткендер көп экени маалым.
2020-жылдын апрель, май айларында Журналисттердин жана ММКлардын укуктарынын бузулушу боюнча "Journalist.kg" маалымат порталы мониторинг жүргүзгөн. Бул жүргүзүлгөн мониторингде журналисттер менен ММКлардын укуктарынын бузулушу боюнча 9 билдирүү каралган. Алардын ичинен экөөсү , айдын саясий кырдаалын эске алуу менен, ММКнын иш жүзүндөгү абалын аныктоого калтырылды, алтоосу ММКлардын жана журналисттердин укуктарын түздөн-түз бузуу жөнүндө маалымат толук берилди, ошондой эле ММКларга жана журналисттерге карата соттук териштирүүлөр, бирөөсү ММКларга жана журналисттерге жасалган кол салуу жана коркутуулар жөнүндө, ошондой эле жаңжалдар жана айыптоолор боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бирок, акыркы учурларда мыйзамга негизделбеген ММКларга жана журналисттерге каршы чыккан материалды көп кездеширип калдык десек жаңылбайбыз.
Буга мисал катары, Медиа мүлкүн жана интернет басылмаларын уурдоо боюнча шектелген кылмышкердин табылбаганы, ага укук коргоо кызматкерлеринин көңүлү бурулбай жаткандыгы боюнча ушул эле жылда "Ачык сөз" гезитинде *"Милиция политкликаниканын веб-сайтынын кеңсесине кирип кеткен кылмышкерлерди тапкан жок"* деген макала жарыяланган. Мында "Политклиника" интернет-басылмасынын жетекчилиги редакцияга талап- тоноочулуктун далили болгон видеону милицияга өткөрүп бергендиги, бирок, кабарчылардын айтымында, коопсуздук кызматкерлери дагы эле окуяга көңүл бурбай создуктуруп жатышканы боюнча чагылдырылган.
Бул тууралуу "Журналисттер" бейөкмөт уюмунун баш редактору Дилбар Алимова да өз пикирин билдирген. Анын айтымында, талап-тоноо журналисттердин иш-аракеттерине байланыштуу болгон жана жөнөкөй уурулук болгон эместиги, демек, бул ишти башкача кароо керек экендиги белгиленген.
Бул макалада редакциянын редакторуна милиция кызматкерлери сиз бул уурулукту өзүңүз уюштурдуңуз деп айткандыгы, кайра өздөрүн күнөөлөп доомат койгондугу ишти ого бетер солгундатып жаткандыгын, т.а. журналисттердин укуктарынын корголбошуна алып келүүдө деп билдирилген. Ошондуктан, алар

укук кызматкерлердин объективдүүлүгүнө күмөн санап, өздөрү кошо тергөө журналистикасы менен алектенип жаткандыгын, ошондой эле иликтөөлөрдү жүргүзүүдө жакынкы имараттардын көзөмөл камераларынан видео чогултууга аракет кылышкан. Натыйжада кылмышка шектүүлөрдү жаздырып алган камералар бар экени белгилүү болгон. Ошол видеолорду чогултуп укук кызматкерлерине берген күндө да алардан жооп алалбай жатканы макалада айтылган.

Редакциянын журналисттери тергөөчүлөрдүн аракетсиздигинен уламжазуулар түбөлүккө жоголуп кетиши мүмкүн деп чочулайт. Ал эми ДилбарАлимованын айтымында, тергөөчү “жөнөкөй ноутбуктун уурдалгандыгын”иликтөөгө өзгөчө маани берберин айтып, журналисттер бул иште Коопсуз шаартутумуна киргизилишин суранышты. Башкы редактордун айтымында, тергөөчүсуранычтарды четке кагат жана чалууларга жооп бербей койгондугу баяндалган.

Ал эми аталган факт боюнча Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук ички иштер бөлүмү тарабынан иликтенүүлөр дагы жүргүзүлүүдө экени айтылылып, 90-бerененин негизинде "Чакан өлчөмдөгү уурдоо" боюнча сотко чейинки тергөө иштери башталганын айтышкан. Бишкек шаарынын Биринчи май райондук ички иштер башкармалыгынын басма сөз катчысы Алмаш Бекбоеванын айтымында, уурулук фактысы боюнча тергөө иши дагы эле улантылып жаткандыгы жана дагы башка ушул факты жаңы маалыматтар жарыяланып тураарын белгилип кетишкен.

Жогоруда аталган *“Политклиника”* гезити 2013-жылдан баштап гезит түрүндө жарыяланган, 2017-жылы анын сайты иштей баштаган. Басылманын журналисттери биринчилерден болуп декларацияларды саясатчылардын кыймылсыз мүлкү менен салыштырып башташкан. Бул басылма көптөгөн иликтөөлөрдү кыргыз тилинде жарыялаган. Алардын материалдары көптөгөн ММКлар тарабынан басылып чыккан.

Ал эми "Журналисттер" бейөкмөт уюмунун өкүлдөрү бул боюнча мындай деген: Ички иштер органдарынын тергөө кызматтары аракетсиз болсо, бул учурда Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук ички иштер бөлүмү тергөөчүгө же өзүнүн кесиптик милдеттерин тийиштүү түрдө аткарбай жаткан кызматкерлерге карата жазуу жүзүндөгү арыз менен бардык деталдарды жана ойлорду эске алуу менен кайрылышы керек. Прокуратура органдары өз кезегинде текшерүү жүргүзүп, андан кийин жазуу жүзүндө жооп бериши керек – деп билдиришкени айтылган .

Бул макаланы талдоо менен “төртүнчү бийликтин” бутагы делип эсептелген массалык маалымат каражаттардын жана журналисттердин укуктары мыйзам тарабанын корголууга, колдоого алынбаганы, өлкөдө дагы эле сөз эркиндигине болгон кайдыгерликтин кесепети кете электигинен кабар берет. Азыркы маалымат доорунда кайсы өлкөдө сөз эркиндиги чектелбесе, ал өлкөнү демократиянын башаты деп атоого болот. Демек, мындай көрүнүш эркин

демократиялык өлкөлөрдө эркин ММКлар көп болушу керек деген маанини туюндурат.
Мындан тышкары ушул эле гезитте журналист Болот Темировго кол салуу боюнча соттук отурумдар болуп жаткандагы, ага кол салган жарандар териштирүүдө моюндабай жаткандыгы боюнча материал чагылдырылган. Макалада журналист Болот Темировду 2018 жылдын 9-январында "Фактчек" офисинин жанында сабашканы, бирок, журналист өзү ага карата каршы жасалган агрессияны кесиптик ишмердүүлүгү менен байланыштырганы камтылган. Бул кылмышты жасаган деген шек менен төрт адам кармалгандыгы айтылган.
Журналисттин айтымында, отурумдун жыйынтыгында сот айыпталуучуларды мыйзам боюнча бошотпоо чечимин кабыл алды, бирок адвокаттын өтүнүчү боюнча ишти кароо март айына жылдырылган, андан кийинда сот иштери создуктурулуп, эми кайрадан 18-июнга жылдырылгандыгы тууралуу айткан. Жарым жыл мурун 9-январда болгон окуя ошентип жайга 18- июнга создуктурулуп калууда. Айрым эркин журналисттердин айтымында ачык факт тургандан кийин офистин тегерегинде имараттарда да видеокөзөмөлдө бар экендиги тастыкталгандан кийин да сот иштери созула берсе, журналисттердин коопсуздугун ким коргойт. Сөз эркиндиги кайда, тастыктай турган ачык фактар турса да журналист Болот Темировго кол салуу үчүн кардарларды издөө боюнча тергөө иштеринин дагы уланттылуусу кимдин аркасы менен, эмне соттор дагы эле сатылуудабы деген пикирлери кошо макалада камтылган.
Ал эми Factcheck.kg ресурстук редакторунун айтымында, аны токмоктогон окуя эки бөлүккө бөлүнгөн: кол салуунун күнөөкөрлөрү жана окуянын кардарларын издөө. Темиров кол салган жарандарды укук коргоо органдары табаала тургандыгына ишене бербейт. "Кардарларды издөөдө, иш оңунан чыкпай, чечилбей кала бере тургандыгын айткан. Анткени, сот аткаруучулардын айтымында, аларга кол салуу үчүн сиз күнөөнү күнөөлөй албайсыз. Жана соттолуучулардын жасаган иш-аракеттерине баа берилгенден кийин гана ачыкталат деген экен.
Бирок, КРнын мыйзамында, 13-статьяда Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчиликтер каралгандай:

- журналисттин мыйзамдуу кесиптик ишине тоскоолдук кылгандык;
- аккредиттөөдөн негизсиз баш тарткандык же аккредиттөөнү туура эмес токтоткондук;
- журналистке кысым көрсөткөндүк, анын кесиптик ишине кийлигишкендик;
- журналисттин материалдарын жана зарыл болгон техникалык каражаттарын мыйзамсыз алып койгондук;
- журналистке ынанымсыз жана калыс эмес маалыматты бергендик үчүн жоопкерчилик тартат деп мыйзамда камтылганы менен иш жүзүндө

көп учурда колдонулбай келгендигин медиа эксперттер белгилеп айтышкан.
Журналисттин ушул мыйзам тарабынан белгиленген укуктарын бузуу, анын ар-намысын жана кадыр-баркын мазактоо, ал тарабынан кесиптик ишин жүзөгө ашырууга байланыштуу журналисттин өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө коркунуч келтирүү, күч колдонуу же кол салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.
Ушул сыяктуу журналисттик кесиптик этикаларды бузуу маселелерди жогоруда биз мезгилдүү басма сөз беттеринде карап талдоого алган болсок, эми өлкөдөгү медиа рынокто орду бар интернет басылмаларында берилген материалдардагы мисалдарга анализ жүргүзүп көрөлү. Маселен, 2020 - жылдын
6 - мартында “vesti.kg” аналитикалык сайтында *“ММКга түшкөн даттанууларды териштирүү комиссиясы, КТРКнын журналисттеринин этикалык кодексин жана кесиптик нормаларын бузгандыгы тууралуу”* деген аталыштагы макала жарыялаган .
Анда, коомдук телерадиокорпорациядагы мыйзам бузган тараптарды жоопко тартууга чакырды. Бул макалада ММКга түшкөн даттанууларды териштирүү комиссиясы, КТРКнын журналисттери 2019-жылдын 25-ноябрында Бишкекте болуп өткөн “Коррупцияга каршы” митингинде окуяны чагылдырган сюжетти даярдоодо бир катар этика кодексин жана кесиптик стандарттарды бузгандыгы боюнча чечим чыгарган болчу.
Комиссияга доо арыз менен кайрылган жаран Умай Арыкова, 2019-жылы 25-ноябрда Бишкекте өткөн коррупцияга каршы митингдин чагылдырылышына нааразычылыгын билдирген.
Арыкованын айтымында, мындай окуялар Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган жарандык иш-аракеттердин маңызын жана элдин эркине доо кетирет.
Буга карата комиссия өз чечиминдеги пункттарды атап өткөн. Бул тууралуу төмөндөгүдөй билдирген:

1. Коомдук телерадиокорпорациясынын "Ала-Тоо-24" телеканалы тарабынан көрсөтүлгөндүгү тастыкталган. Мында 2019-жылдын 25-ноябрында кечки саат 19.00гу “Ала-Тоо" жаңылыктар программасынын чыгарылышында митинг жөнүндө сюжет даярдалып, коомго көрсөтүлгөн. Бул боюнча Кыргызстан Журналистинин Этикалык кодексинин 8-10-беренелери бузулган деп табылды.
2. Сюжеттин авторлоруна жана «Ала-Тоо-24» телеканалына Этика кодексинин кесиптик журналистика стандарттарына туура келбеген нормаларын бузгандыгы үчүн коомдук айыптоону жарыялайт;
3. "Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, телерадиоберүү уюмунун жетекчиси же программанын автору (авторлору) программалардын жана берүүлөрдүн мазмуну үчүн жооп берет. Жана "Комиссия Байкоочу Кеңешке жана

КТРКнын жетекчилигине Комиссиянын чечимин карап чыгууну сунуш кылат. Мыйзамдарды жана корпоративдик стандарттарды бузган адамдарды тартип жоопкерчилигине тартуу каралат;

4. Бул чечимди жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо үчүн, Бейөкмөт уюмдарга, бийлик органдарына жөнөтүлгөн;
5. Мындай көрүнүштөр кайталанбаш үчүн ММКлар боюнча арыздарды кароо комиссиясы Кыргызстандын ЖОЖдорундагы журналистика бөлүмдөрүндө окуган студенттерге кесиптик журналисттик этиканын курсун өтүү керектигин сунуштаган.

Мындай этикалык бузууларды өлкөдөгү беделдүү улуттук канал жанабасылмалардын чагылдырылышы өтө эле уят эле көрүнүш деп эсептесек болот. Анткени, мындай материалдар журналисттик этикалык нормаларын четке каккандыкка жатат. Демек, журналисттик ишмердикте адеп-ахлахтык этика жогору болсо, ошончолук журналисттик ишмердиктин сапаты да жакшырат десекжаңылышпайбыз. Ошондуктан бүгүнкү күндө эркин коомдогу журалисттердин эң негизги жоопкерчилиги так жана обьективдүү маалыматтарды таратуу болуп эсептелинет.

Анткени этикалык эрежелерди сактоодо журналисттин негизги милдети бул ишенимдүүлүк жана чынчылдык менен маалыматты коомчулукка баяндап берүү болуп эсептелинет. Ошол кызмат башкача максатты көздөбөш керек. Себеби, чындыкты айтуу этикалык эрежелерди талап кылат. Окуяларга таасир этүүгө же бирөөлөрдүн кызыкчылыгын коргоого журналист аракет кылбоосу керек.

Мындан тышкары учурда журналистикадагы бирден - бир этиканы бузуубул плагиат маселелери болууда. Анткени журналист, макала даярдоодо, өзү медиа эксперттерге же окуянын каармандарына чалып, маселени тактап убара болбой туруп, башка ММК каражаттарына жарыяланган материалдарды көчүрүп алуу менен эфирге берип же сайтына жарыялап салууда. Мындай көрүнүш бүгүнкү күндө көп кайталанууда. Өзгөчө сайттардагы окшош материалдар буга далил боло алат. Жада калса заголовкасын да өзгөртпөстөн макала кандай болсо, дал ошондой чыгарып салган кабарчылар да бар. Башка бирөөнүн эмгегин көчүрүп, шилтемесиз пайдалануу, автордук укукту да, кесиптик этикалык мыйзамдарды да бузгандыкка жатат.

Ошондуктан журналист эч качан башка бирөөнүн интелектуалдык менчигинуурдоого барбашы керек. Жазма же сөз түрүндөгү бирөөнүн материалдарын колдонгондо сөзсүз түрдө ага шилтеме кылуу зарыл. Журналист жеке кызыкчылыктарын көздөп, ММК аркылуу өз араздаштарынан өчүн албашы зарыл.

Ошондой эле өтө маанилүү маселе катары материал даярдоодо журналист бир гана окурмандарынын алдында жоопкерчиликтүү эле эмес, бүтүндөй коомчулуктун алдында жоопкерчиликти сезе билиши керек. ММК кызматкери өз

кесиптештерине зыян келтирбей, алардын ар-намысын урматташы абзел. Кесиптик шериктештик деген түшүнүктү сыйлап, журналист кесибинин, чынчыл атаандаштыктын, сөз жана маалымат эркиндигинин кызыкчылыгы үчүн аракеттениши керек. Мына жогоруда биз карап өткөндөй журналисттин кесиптик этикалык маселелерди чагылдыруусунда түздөн-түз милдеттери тууралуу да маалыматтарды бергенге аракет кылдык. Эми улуттук басма сөз журналистинин плагиаттартарды колдонуу же колдонбоо боюнча жана ошондой эле окурмандардын муктаждыктарына болгон талаптары боюнча кенири токтолокетсек.

Журналист маалымат даярдоо ишинде башка ММК кызматкерлердин материалдарын колдоно турган болсо, анда автордук укуктун жана этика мыйзамдарынын бузулушуна алып келет жана юридикалык жоопкерчиликке тартылышы да мүмкүн.

Ошондуктан кабарчы плагиат материалдарды жарыялоо ишинде бирөөнүн эмгегинин аталышы менен алып, ошондой эле башка адамдардын чыгармаларынын фрагменттерин кошуп, булактарын көрсөтпөстөн чыгарып салуусу автордук укукту бузгандык болуп саналат.

Журналисттин ишмердүүлүгүндө милдеттүү өзгөчөлүгү автордук укукту, этикалык нормаларды таануу болуп саналат, анткени автордук укук менен корголгон чыгарманы мыйзамсыз пайдалануу, жарыялоо, көчүрүү жана шилтемесиз жарыялоо бул плагиаттын формаларын сактабагандык болуп эсептелинет.

Ал эми басылмалардагы плагиаттын формалары катары төмөндөгүлөрдү кароого болот.

*Так шилтемелерсиз кадимки текст (басылмаларда):* Тексттер ар дайым шилтеме келтирилген булактарга таянуу аркылуу толук шилтеме менен коштолушу керек. Жана ошондой эле ар дайым материал окурманга түшүнүктүү болушу керек, анын кайсы бөлүктөрү журналисттин өз алдынча жазган иши жана кайсынысын журналист башка ММКлардын материалдарындагы тексттерине таянганы көрсөтүлүшү крек.

*Перефразалык плагиат:* Мында журналист башка бирөөнүн эмгеги менен, аргументтердин структурасына ылайык сөздөрдү жана тексттик тартипти өзгөртүү аркылуу плагиатты колдонуусу, бирок анда шилтеменин коюлушу аркылуу баштапкы текстке жаңыланган текст же идеялардын ырааттуулугу толугу менен ага таандык деген жаңылыш ой-пикир жок экендигин текшерип турушу керек.

*Так аныктамасыз Интернетти чаптоо жана көчүрүү:* Интернет басылмалардан алынган маалымат тийиштүү шилтемелерге ээ болуп, библиографияга киргизилиши керек.

*Авто плагиат:* Мурда жарыяланган материалдарды цитаталоодо, автор жарыяланган чыгарманын шилтемесин келтириши керек. Окшош ишти кайра жарыялоо, бул авто-плагиатка айланат.

Учурда автордук укук маселеси коомчулукта кызуу талкууда. Плагиат бир гана ММК тармагын эле эмес, маданият системасын да каптаганы айдан ачык көрүнүш болуп калды. Анткени, маданият тармагын таанытып ырчыларыбыз да көпчүлүк учурда, башка авторлордун ырларын уруксатсыз, менчикке айлантып чыгарып жүргөндөрү кездешпей койбойт. Алсак айрым акындар, башка акындардын текстине таандык сөздөрдү өздөрунүкү кылып алгандыгы да плагиат иштери катары эсептелинет.

Ошондуктан бүгүнкү шартта басылмалардагы негизги талап этикалык нормаларды бузбоо жана плагиат иштерин колдонбоо менен бирге эле ааламдашуу коомунун өзгөрүү шартына жараша ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу абзел. Анткени, басма сөз кызматкерлери керектөөчүлөрдүн суроо-талабына ылайык иш алып баруу принциптерин жана ошондой эле пландарын өзгөртүп туруугa тийиш. Ошондуктан азыркы басылмалар кесиптик этикалык маселелерди сактоо менен рыноктук атаандаштык чөйрөсүндө туруштук берүүгө аракет кылуусу керек.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Авраамов, Д. С. Профессиональная этика журналиста: Учебное пособие /Д. С. Авраамов. М.: МГУ, 1999
2. Досалиева Б.Т. СМИ в Кыргызской Республике: политико – правовойаспект. Бишкек, Билим, 2008
3. Ибраева Г., Куликова С. Кыргызстандагы ММКнын өнүгүү тарыхы жанаазыркы кездеги абалы. Бишкек, 2002
4. Керезбеков К.К., Мусабекова Ч.А., Искакова Г.Т., Качкарова Э.А. КыргызРеспубликасындагы массалык маалымат каражаттары жана укук. Бишкек,2003
5. Киричек П. Н., Федотова О. В. Этика журналиста: учеб., Саранск: Изд-во Мордов. 2004
6. Кыргызстан журналисттеринин этикалык кодекси. ЖурналисттердинРеспубликалык жыйыныны. Бишкек, 2007.
7. Лазутина, Г. В. Профессиональная этика журналиста / Г. В. Лазутина. – М., 2000
8. Орунбеков Б. Журналистиканын эл аралык стандарты. Бишкек, 2008


***Рецензент: Джапаров Н.Р., -*** *филология илимдернин кандидаты, И. Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тил кафедрасынын доценти.*